Билим берүү процессинде башталгыч класстардагы адабий окуу сабагы өзгөчө мааниге ээ, анткени ал балдардын көркөм тексттерди кабылдоосун, түшүнүүсүн жана адабиятка болгон кызыгуусун калыптандырат. Көркөм тексттерди окутуу окуучулардын сөз байлыгын өнүктүрүп, ой жүгүртүүсүн тереңдетип, эстетикалык жана моралдык тарбия берет. [7, с.155] Жыйынтыктап айтканда, Окуучулар көркөм текстти топтук жана жекече талдоонун мааниси чоң. Алар башталгыч класстарда көркөм текстти талдоодо негизги методдор болуп саналат. Топтук талдоо окуучуларды биригип иштөөдөн, ойлорун бөлүшүүдөн жана бири-бирине жардам берүүдөн үйрөтсө, жекече талдоо ар бир окуучуга өз алдынча ойлонууга жана баалоого мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкмалар балдардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн жогорулатат, ошондой эле аларга терең ой жүгүртүүгө жана өзүнүн позициясын негиздегенге жардам берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдрасулова, Г. Адабияттык окуудагы методикалык ыкмалар. – Бишкек: Кыргыз билим, 2020. – 184 с.
2. Болотбекова, Ж. Интерактивдүү технологияларды колдонуу методикасы. – Бишкек: Кыргызстан, 2021. – 136 с.
3. Мурзаканова, Г. Роль урока чтений в формировании этнокультурной компетентности учащихся начальных классов // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова. – 2024. – Т. 2, №2. – С. 165–169. – Режим доступа: https://doi.org/10.56122/.v2i2.232
4. Мырзабекова, Н. Мектеп окуучуларынын окуу компетенциясын өнүктүрүүдө көркөм тексттин ролу // Педагогикалык изилдөөлөр журналы. – 2021. – №3. – С. 45–52.
5. Осмоналиева, Т. Башталгыч класстарда адабияттык окуу сабактарын уюштуруунун жолдору. – Бишкек: Раритет, 2022. – 112 с.
6. Захарова, М. Көркөм текстти талдоо жана окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү. – Бишкек: Адабият, 2016. – 128 с.
7. Теңишова, К. Значение преподавания художественных текстов в начальной школе по литературе // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова. – 2025. – Т. 2, №1(25). – С. 155–161. – Режим доступа: https://doi.org/10.56122/.v2i1(25).328


**УДК** 37.014.6 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.476**

## КЫРГЫЗСТАНДА STEM БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУ: АБАЛЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ

Термечикова Алтынкан
Мамытовна ЖАМУ, ага окутуучу
ORCID:0009-0009-5436-2107
akbilek_a@mail.ru

## ВНЕДРЕНИЕ STEM-ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ: СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ, ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ

Термечикова Алтынкан Мамытовна
ЖАМУ, ст.преподователь
ORCID:0009-0009-5436-2107

# IMPLEMENTATION OF STEM EDUCATION IN KYRGYZSTAN: CURRENT STATUS, CHALLENGES, AND PROSPECTS FOR DEVELOPMENT

Termechikova Altynkan Mamytovna
JASU, senior lecturer
ORCID:0009-0009-5436-2107

***Аннотация.*** Бул макалада Кыргыз Республикасында STEM (илим, технология, инженерия жана математика) билим берүү багытынын өнүгүү абалына, учурдагы көйгөйлөрүнө жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүнө сереп салынат. Изилдөөдө өлкөдө ишке ашырылып жаткан мамлекеттик жана эл аралык долбоорлордун натыйжалары, мугалимдерди даярдоо маселелери жана билим берүү инфраструктурасынын абалы талдоого алынган. Ошондой эле эл аралык уюмдардын колдоосу менен жүргүзүлгөн STEM демилгелеринин мазмуну, каржылоо механизмдери жана педагогдордун квалификациясын жогорулатуу иш-чаралары баяндалат. Макалада STEM багытынын билим берүү системасындагы орду жана мааниси өзгөчө белгиленип, анын түрлөрү менен өзгөчөлүктөрү да каралат. Автор STEMдин төрт негизги багыты менен чектелбестен, билим берүүнүн бардык аспектилерин бирдиктүү интеграциялоо зарылдыгын баса белгилейт. Изилдөөнүн соңунда өлкөдө STEM билим берүүнү өнүктүрүү боюнча аткарылууга тийиш болгон иш-чаралар тизмектелип, конкреттүү сунуштар жана практикалык кадамдар сунушталат.

***Түйүндүү сөздөр***: STEM, билим берүү, мугалимдердин даярдыгы, санариптештирүү, эл аралык долбоорлор, каржылоо, окутуулар, STEM түрлөрү, келечек кадамдар.

***Аннотация.*** В статье рассматривается состояние развития направления STEM-образования (наука, технологии, инженерия и математика) в Кыргызской Республике, а также его основные проблемы и перспективы. В исследовании проанализированы результаты реализации государственных и международных проектов, подготовка педагогических кадров и состояние образовательной инфраструктуры. Описаны инициативы международных организаций, механизмы их финансирования и программы повышения квалификации учителей. Особое внимание уделено роли и значению STEM-образования в современной системе обучения, его разновидностям и интеграционным возможностям. Автор подчёркивает необходимость комплексного подхода к внедрению STEM, охватывающего все направления образовательного процесса. В заключение представлены практические рекомендации и конкретные шаги по дальнейшему развитию STEM-образования в Кыргызстане.

***Ключевые слова:*** STEM, образование, подготовка учителей, цифровизация, международные проекты, финансирование, обучение, направления STEM, перспективные шаги.

***Abstract***. This article explores the development of STEM education (Science, Technology, Engineering, and Mathematics) in the Kyrgyz Republic, focusing on its current state, key challenges, and future prospects. The study analyzes the outcomes of national and international projects, teacher training initiatives, and the condition of educational infrastructure. It also describes the role of international organizations, their funding mechanisms, and teacher professional development programs. Particular attention is given to the significance of STEM education, its various forms, and the importance of integrating all aspects of education beyond the four main STEM disciplines. The author emphasizes the need for a comprehensive approach to implementing STEM education. The article concludes with practical recommendations and proposed steps for further advancement of STEM education in Kyrgyzstan.

***Keywords:*** STEM, education, teacher training, digitalization, international projects, funding, training, types of STEM, future steps.

***Киришүү***. Азыркы билим берүү системасы технологиялык прогресске ылайык өзгөрүүгө мажбур болууда. Бул багыт төрт негизги чөйрөнү бириктирет — илим, технология, инженерия жана математика. STEM-билим берүү окуучуларда критикалык ой жүгүртүүнү, практикалык маселелерди чечүү жөндөмүн, изилдөө жана чыгармачылык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган, бул азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасында STEM-билим берүүгө кызыгуу акыркы жылдары күчөдү. Мамлекеттик органдар, эл аралык уюмдар жана билим берүү мекемелери мектептик жана жогорку билим берүүдө STEM-ыкмасын интеграциялоо боюнча кадамдар жасап жатышат. Бирок, аны жүзөгө ашырууда бир катар көйгөйлөр бар — квалификациялуу мугалимдердин жетишсиздиги, материалдык-техникалык ресурстардын чектелиши, билим берүү жана илимий структуралардын ортосундагы координациянын алсыздыгы.

Бул изилдөө Кыргыз Республикасындагы STEM-билим берүүнүн учурдагы абалын талдоого, негизги көйгөйлөрдү аныктоого жана келечектеги өнүгүү багыттарын белгилөөгө багытталган. Өзгөчө көңүл эл аралык долбоорлордун тажрыйбасына, мугалимдерди даярдоого жана билим берүү чөйрөсүн санариптештирүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө бурулган.

Бүгүнкү күндө технологиялар абдан ылдамдык менен өнүгүп жаткандыктан, балдарга келечектеги өзгөрүп жаткан талаптарга ийкемдүү ыңгайлаша ала турган комплекстүү билим берүү маанилүү.

Учурда ар бир адамдан өзгөчө креативдүү чыгармачылык менен иштөөнү үйрөнүүнү коом талап кылууда. Кадимки турмушта эле күнүмдүк жасаган иш аракетибизде өзгөчөлүктөр болбосо эч кандай өзгөрүү болбогону көрүнүп калат эмеспи. Ошондуктан мамлекет келечек ээлерин даярдоодо жаңы идеяларды, жаңы долбоорлорду жарата турган билимди берүү талаптарын коюда.

STEM билим берүү — илим, технология, инженерия жана математика предметтерин интеграциялап, окуучуларды сынчыл ой жүгүртүүгө, практикалык чечимдерди табууга жана долбоордук көндүмдөрдү өнүктүрүүгө үйрөтүүчү ыкма болуп саналат. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, STEM билим берүү келечектеги экономикалык жана илимий өнүгүүгө өбөлгө түзөт. STEM жаңы тренд, жаңы ыкма катары ишке ашууда. Адамзаттын жашоосундагы жаңы технологиялар бул багытты жаңы тренд катары дүйнө жүзүнө таркатып, инновациялык ыкма катары кеңири таркалууда.

**Талкулоо**. Кыргызстан ааламдашуу учурунда дүйнөлүк өзгөрүүлөрдөн артта калбастан, бул багытта дагы иш алып барууда. Кыргызстанда STEM багыты акыркы он жыл ичинде мамлекеттик стратегиялар жана эл аралык долбоорлор аркылуу жайылып келе жатат. Мамлекеттик деңгээлдеги программалар, донордук уюмдар (UNICEF, UNDP) жана жеке сектордун колдоосу STEMди мектептерге киргизүүгө түрткү берди.

Америка 2022-жылдан бери Кыргызстандын баардык аймактарындагы айылдык мектептерден 400 мугалимди NextGenEd программасынын алкагында STEM (естественные науки, технологии, инженерия и математика) боюнча билимин жогорулаткан. Программа англис тилин окутуу көндүмдөрүн, ошондой эле долбоордук, инсанга багытталган жана коммуникативдик окутуу ыкмалары аркылуу окутууну өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт [1].

БУУнун Кыргызстандагы Өнүктүрүү программасы тарабынан демилгеленген, Япония Өкмөтүнүн колдоосу менен, "Роза Отунбаеванын демилгеси" эл аралык коомдук фонду STEM4ALL x Mentoring Her долбоорунун негизинде 320 шакирт жана 251 устат даярдашкан. Долбоор STEM (илим, технология, инженерия жана математика) тармактарында кыздардын жана аялдардын катышуусун өнүктүрүүгө багытталган. Долбоордун катышуучулары убакыт менен иштөө, аны башкаруу (тайм менеджмент), лидерлик, эмоционалдык интеллект, сынчыл ой-жүгүртүү жана
финасылык сабаттуулук багытында билимдерге ээ болушкан [2].

Ошондой эле ЮНИСЕФ (2020) кыздар илим, техника, инженерия жана математика (STEM) тармактарында ийгиликке жете алышы үчүн алардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган “Илимдеги кыздар” программасын ишке киргизген [3].

Кыргызстандагы Erasmus+ программасы 2022-жылы «Мугалимдерди даярдоо программаларында STEM-билим берүүнү өнүктүрүү» аталышындагы аймактык семинар өткөрүлүп, Erasmus+ программасынын жогорку билим берүү чөйрөсүндө потенциалды жогорулатууга багытталган (CBHE) долбоорлорунун алкагында STEM дисциплиналар боюнча мугалимдерди даярдоодо колдонулган инновациялык тажрыйба жана билим берүү

куралдары менен алмашууга өбөлгө түзүү болгон. Катышуучулар эл аралык тажрыйбаларга таянып, Финляндия, Армения жана Казакстан мамлекеттеринде колдонулган эл аралык үлгүлөрдү үйрөнүшкөн.

Кыргызстанда 2024-жылдын сентябрынан Гуд Нейборс эл аралык уюмунун өкүлчүлүгү STEAM билим берүүнү мектепке киргизүү демилгеси менен мектептерге жардам бере башташкан. Долбоордун максаты билим берүү сапатын жакшыртуу, окуучуларды заманбап чакырыктарга жана мүмкүнчүлүктөргө даярдоо, так илимдерди өздөштүрүүгө өбөлгө түзүү, технологияларга кызыктыруу болуп саналат. Келечекте жаратмандарды жана новаторлорду даярдап чыгаруу максатында иш алып баруу болгон [4].

КРнын агартуу министри Догдургүл Кендирбаева өз билдирүүсүндө билим берүү системасында STEM багыты активдүү өнүгүп келе жатканын белгилеп, санариптик билим берүүнү трансформациялоодо, STEM көндүмдөрү жашыл жана санариптик трансформациянын драйвери боло алат деп билдирген. Аялдар жана жаштардын дүйнөлүк өнүгүүдөн артта калбоо керектигин белгиледи.

Агартуу минисрлиги 2025-жылда “Алтын казык” программасын ишке ашыруу, билим берүүдө STEMди ишке ашыруу максатында 26 500 табигый илимдер жана англис тили багытындагы мугалимдерге, окуу китептери, сабактардын пландары жана методикалык колдонмолор жүктөлгөн ноутбуктарды тапшырышты [5].

2021–2040-жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында санариптик компетенциялар жана заманбап STEM-предметтерди киргизүү артыкчылыктар катары белгиленген. Министрлик пилоттук STEM мектептерин уюштуруп, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча программа ишке ашырууда. 6

Жогорудагы аракеттердин негизинде Кыргызстандагы билим берүү системасына STEMди киргизүүгө тынымсыз аракеттер жасалууда, ошондой эле Кыргызстандын мектептеринде дагы билим берүүдөгү инновациялык жана эл аралык стандарттарга кадам ташталат деп ишенебиз.

Учурда билим берүү системасында өтө чоң кадамдар ташталып, өзгөрүүгө учурап жатат. STEM билим берүү системасын ишке ашырууда бир нече багытта иштеп баштады. Алгачкы кадамдарды ишке ашыруу үчүн мектептерде өтө чоң иштер аткарылуусу керек, башкача айтканда STEM-лабораториялар ачылуусу зарыл. 2024-жылдагы билдирүүлөр боюнча Кыргызстанда STEM-лабораториялар түзүү багытына 40 миллион доллар акча каражаты бөлүнгөн.

Математика жана табигый илимий багыттагы, англис тили окуу китептери дүйнөлүк стандартта кайрадан басылып чыгуу ишке ашууда. Бул маалымат билим берүү министрлигинин маалымат булактарынан алынган. Республикада 2377 мектеп, жалпысынан алганда 1, 491 млн окуучу окуйт.

Мектеп окуучулары менен STEM билим берүү максатында иштеп жаткан «Алтын түйүн» Республикалык инженердик-техникалык балдар академиясы бул багытта алдыңкы сапта бара жатат. STEM багыты боюнча илимге, инженердик багытта, робототехника ж.б. изилдөөлөрдүн үстүндө ийгиликтүү иш алып барууда.

STEM билим берүү системасы окуучуларда жогорудагы 4 багытта билим алууга түрткү болуп, кайсыл бир маселенин чечимин чыгарууда комплекстүү калыптанган билимин колдоно алат деген ишенимди жаратат. Бул билим берүүнүн талап кылынышынын бирден бир себеби жогорку технологиялык өндүрүштө адистердин жетишпестиги. Бул багытта 2010-жылы Американын мурдагы президенти Барака Обаманын докладында басым жасалып, Америкада 3 жылдан кийин STEM билим берүү стратегиялык планга киргизилип, 100 000 мугалимди даярдоо жана 50% окуучуларды окутуу идеясы ишке ашырыла баштаган. Дүйнө жүзүндөгү иш тажрыйбаларага саресеп сала турган болсок Америка, Кытай, Австрия, Корея, Сингапур, Великобритания, Казакстан мамлекеттери өзгөчө көңүл буруу менен ишке ашырууда [6].

Бирок, бүгүнкү көз караш менен айтканда STEM 4 багытта гана билим берүүнү өз ичине камтыбастан, башка түрлөрү дагы пайда боло баштады. Кандай түрлөрү дегенди карап көрөлү: STEMM (илим, технология, инженерия, математика жана музыка), STREAM (илим,

технология, инженерия, математика жана кошумча адабият (reading), STEAM (илим, технология, инженерия, математика жана искусство (art)), STREM(илим, технология, инженерия, математика жана робототехника (robotics)). Аталган түрлөрдү караган учурда деле билим берүүнүн бирдиктүү бир системасына бириге тургандыгы көрүнүп турат. Билим берүүнүн эң негизги идеологиясы келечек муундун эртең кантип ийгиликтүү боло алат, коомдогу технологиянын өзгөрүшүнө кантип туруштук бере алат деген суроонун үстүндө иштөөбүз керек. Илим окуучуларга курчап турган чөйрөнү терең аңдап түшүнүүгө, андагы өзгөрүүлөргө анализ кылууга, изилдөөгө, терең сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Технология окуучуларды жогорку технология чөйрөсүнө багыт берет. Математика маалыматты анализдөөгө, чечим кабыл алууда каталардын үстүндө иштөөгө жана чечкиндүү чечим кабыл алууга үйрөтөт. STEM билим алууда чыгармачылыктын, сынчыл ой жүгүртүүнүн, тажрыйбалык ишмердүүлүктүн негизинде билим алууга шарт түзөт, кыскача айтканда изилдеп жана жасап көрүү керек [7].

Советтик билим берүү системасындагы кружоктор, жаш техниктер жана жаш натуралистер станциялары, пионерлер үйлөрү бүгүнкү күндөгү STEM билим берүүнүн **прототиби** катары каралууга тийиш. Анткени алар балдардын илимий-техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга жана ар түрдүү илимдерди интеграциялоо аркылуу билимди практика менен айкалыштырууга багытталган.

Мисалы, авиамоделизм, радиотехника, жаш натуралисттик ийримдер азыркы инженердик долбоорлордун, робототехниканын жана экологиялык долбоорлордун алгачкы формасы болуп эсептелет. Ошондой эле, ошол кездеги кружоктук иштер окуучулардын кесиптик багыт алуусуна чоң таасир эткен.

Демек, советтик доордо түзүлгөн мындай билим берүү формалары бүгүнкү STEM/STEAM билим берүүнүн калыптанышына **негизги башат** болгон жана аны **тарыхый прототиб** катары кароого толук мүмкүнчүлүк бар.

Советтик доордо бул багыттар мамлекеттин идеологиясын ишке ашыруу менен толук байланышкан болсо, STEM экономикалык муктаждыктарга, инновацияга жана эмгек рыногуна багытталган.

Демек, билим берүү системасын STEMге карай өзгөртүү үчүн кандай кадамдарды аткаруу керектигине көңүл буруу керек.

1. Мектеп мугалимдери үчүн окуу материалдарын, методикалык көрсөтмөлө иштелип чыгуу керек;
2. Лабораториялык кабинеттер, заманбап окутуу борборлорун, атайын практикалык ишмердүүлүккө негизделген кабинеттер түзүлүүсү керек;
3. Окуу пландары, окуу стандарттары, окуу китептери учурдагы талапка карата өзгөрүүгө тийиш;
4. Убакытка көңүл буруу керек, себеби 45 минутада мугалим кандай иш аракеттерди аткара алат, окуучу кандай көндүмгө ээ болот деген суроо турат.
5. Учурда мектептеги класстарда окуган окуучулардын саны өтө орчундуу маселе катары каралыш керек, себеби баардыгыбызга белгилүү. Айрым шаардык мектептерде 50-60 окуган класстарда бул багытта иш алып баруу өтө татаал маселеге айланат.
6. STEM билим берүүнү класстардын деңгээлдерине жараша, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен атайын борборлорду түзүү
7. Жогорку окуу жайлардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу, атайын заманбап лабораторияларды түзүүдө биргелешип иштөөнү ишке ашыруу;
8. Китептердин жана окуу материалдарынын сапаты: жаңы окуу-материалдарды, методикалык колдонмолорду даярдоо зарылдыгы бар. Алардын эл аралык стандарттарга шайкеш келиши жана актуалдуу болушу керек.
9. Мугалимдердин даярдыгынын айырмасы: шаар-айыл, аймактар аралык айырмачылыктар бар; баары бирдей деңгээлде жаңы методдорду жана технологияларды колдонууга даяр эмес.

10. Каржылык маселеси эң орчундуу маселе катары каралууга тийиш.
11. STEM-лабораторияларын куруу, мугалимдерге окутуу уюштуруу — бул ресурстук, каржылык талаптарды көп койгон иш.

Жалпысынан алган дүйнөлүк стандартта билим берүүгө малекетибизде орчундуу иштер аткарылууда. Демек, алга карай жылуудабыз. Жалпы билим берүүнүн өкүлдөрү жапатырмак иш алып барсак STEM багыты жакынкы жылдары жолго салынат деген ойдомун.

Колдонулган маалымат булактары:


1. https://kg.usembassy.gov/ky/the-u-s-embassy-empowers-thousands-of-english-language-and-stem-teachers-with-advanced-training/
2. https://roza.kg/ky/press-center/news/6299
3. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/girls-in-science
4. https://goodneighbors.kg/ru/news/139/
5. https://en.kabar.kg/news/science-and-english-teachers-receive-26500-laptops-in-kyrgyzstan
6. Елисей Син, Будущее детей зависит от великих учителей STEM, https://kutbilim.kg/ru/analytics/inner/buduschee-detey-zavisit-ot-velikih-uchiteley-stem
7. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_47934526_38049142.pdf


УДК 372.4

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАГЫ БАЛДАРДЫН КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЖАҢЫЛМАЧТАРДЫ ОКУТУУНУН МААНИСИ

Тогузакова Батма Шерматовна -улук окутуучу ОшМПУ
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

## ЗНАЧЕНИЕ ОБУЧЕНИЯ СКОРОГОВОРКАМ В РАЗВИТИИ РЕЧИ ДЕТЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Тогузакова Батма Шерматовна - старший преподаватель ОшГПУ
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

## THE IMPORTANCE OF TEACHING TONGUE TWISTERS IN DEVELOPING THE SPEECH OF PRIMARY SCHOOL CHILDREN

Toguzakova Batma Shermatovna - senior lecturer, OshSPU
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын кебин өнүктүрүүдө жаңылмачтарды окутуунун мааниси каралат. Жаңылмачтар -элдик оозеки чыгармалардын бир түрү катары, тил үйрөнүүдөгү маанилүү дидактикалык курал болуп саналат. Алар баланын сөз байлыгын кеңейтүүгө, туура, так жана эркин сүйлөөгө үйрөтүүгө көмөкчү болот. Макалада жаңылмачтардын дидактикалык жана тарбиялык функциялары, аларды сабакта колдонуу усулдары, окуучунун тилдик өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу сөз болот. Мындан тышкары, жаңылмачтарды кыргыз тили, адабият жана тарбиялык иш-чараларда пайдалануунун практикалык мисалдары берилет. Изилдөөдө жаңылмачтар окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, көңүл буруу жөндөмүн жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүдө натыйжалуу экендиги белгиленет. Жыйынтыгында, жаңылмачтарды башталгыч билим берүүдө активдүү колдонуу – баланын кебин өнүктүрүүдөгү натыйжалуу ыкмалардын бири экени баса белгиленет.

***Ачкыч сөздөр***: Жаңылмачтар, башталгыч класс, эл, оозеки чыгармачылык, билим, бала, дидактика, тил, кеп, өнүгүү, активдүү, мамиле, сөз байлык, тарбия, окутуу, логика.